**№ 02-001-2024-032669-02-001-001096**

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Бишкек шаары 17.11.2024 -ж./г.

Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин Тергөө кызматынын улук тергөөчүсү милициянын улук лейтенанты Н.А.Базарбаев, 2024-жылдын 17-ноябрь күнү Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин АМС КБРне №02-001-2024-032669 саны менен катталган алгачкы тергөөгө чейинки тейшерүү ишинин материалдарын карап чыгып,

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ

2024-жылдын 17-ноябрь күнү 102-кызматы аркылуу Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин нөөмөт бөлүмүнө Бишкек шаарынын Ала-Тоо конушунун №82-орто мектебинде жайгашкан №1017-шайлоо участогунда белгисиз аял киши адамдарды коштоп шайлоо участогуна алып бара жатат, балким шайлоочулардын добуштарын сатып алып жүрүшү мүнкүн деген маалымат келип түшкөн.
Жогорудагы маалымат боюнча Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин №1-ШМБнын документтештирүү тобу Бишкек шаарынын Ала-Тоо конушунун №82-орто мектебинде жайгашкан №1017 жана №1056-шайлоо участокторунда барган учурда маалымат такталган жок.
Аталган факт Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин АМС МЭЖне №02-001-2024-032669 саны менен катталып, алгачкы тергөөгө чейинки текшерүү иши башталган.
Териштирүү учурунда күбө катары суралган 1999-жылдын 17-ноябрь күнү туулган Муктазым уулу Калыгул төмөндөгүдөй көрсөтмө берди: 2024-жылдын 17-ноябрь күнү ал Бишкек шаарынын Ала-Тоо конушунун №82-орто мектебинин №1017-шайлоо участогуна келип, досу А.Асаналиевти унаасында күтүп отурган, себеби досу ошол жерден добуш берип чыкмак. Ошол учурда белгисиз кыргыз улутундагы жашы болжол менен 40-45 чамасындагы аял мектептин короосундагы отургучта отуруп, андан кийин келген 2-3 адамды шайлоо участогуна коштоп, кирип чыгып кетишкен. Бирок, ал белгисиз аял белгисиз 2-3 адамга акча же конверт берип жатканын

көрбөгөндүгүн билдирди.
Ошондой эле күбө катары суралган 1998-ж.т., Асаналиев Актилек Талантбекович төмөндөгүдөй көрсөтмө берди: 2024-жылдын 17-ноябрь күнү болжол менен саат 13:00-13:30 чамасында, Бишкек шаарынын Ала-Тоо конушунун №82-орто мектебинин №1017-шайлоо участогуна келип, өзүнүн жарандык милдеттин аткаруу иретинде шайлоого келген. Ошол учурда белгисиз кыргыз улутундагы жашы болжол менен 40-45 чамасындагы аял мектептин короосундагы отургучта отуруп, андан кийин келген 2-3 адамды шайлоо участогуна коштоп, кирип чыгып кеткен деп досу К.Муктазым уулудан уккан. Ал ошол замат милиция кызматкерлерине кайрылып, 102-кызматына чалып кабарладым деп билдирген. Бирок, ал белгисиз аял белгисиз 2-3 адамга акча же конверт берип жатканын көрбөгөндүгүн билдирди.
Бишкек шаарынын Ала-Тоо конушунун №82-орто мектебинин №1056-шайлоо участогунда күзөттө турган Бишкек шаарынын ИИББнын ККнын №5-ротасынын милиционери Айбек уулу Карабай күбө катары суралган учурда төмөндөгүдөй көрсөтмө берди: 2024-жылдын 17-ноябрь күнү Бишкек шаарынын Ала-Тоо конушунун №82-орто мектебинин №1056-шайлоо участогунда күзөттө турган учурда жаран К.Муктазым уулу кайрылып, мектептин сыртында кыргыз улутундагы болжол менен 40-45 жаштагы аял киши элдерди ичине киргизип жатат деп кайрылды. Ал дароо мектептин короосуна чыкса, өзүн Эльвира деп тааныштырган аял кишиден эмне кылып жүрөсүз деп сураган учурда, ал кошуналарым шайлоо кайсыл жерде өтүп жатканын билбегендиктен, аларды киргизип жатам деп билдирген деп айткан. Ал кошумча нускама өткөзүп, Эльвира аттуу аялды кетирип жиберген деп билдирди.
Бишкек шаарынын Ала-Тоо конушунун №82-орто мектебинин №1017-шайлоо участогунда күзөттө турган Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин №1-ШМБнын МАӨ милициянын майору Ш.Назаркулов күбө катары суралган учурда төмөндөгүдөй көрсөтмө берди: 2024-жылдын 17-ноябрь күнү Бишкек шаарынын Ала-Тоо конушунун №82-орто мектебинин №1017-шайлоо участогунда күзөттө турган жана 102-кызматына жаран кайрылгандыгын уккам, бирок окуя туралуу маалыматы жоктугун билдирген жана шайлоо учатогунда эч

кандай шайлоочулардын добуштарын сатып алуу окуя жоктугун билдирди.
Текшерүү жүргүзүү учурунда, күбө катары суралган Шыгаева Эльвира Ишенбековна төмөндөгүдөй көрсөтмө берди: 2024-жылдын 17-ноябрь күнү өзү жашаган Бишкек шаарынын Ала-Тоо-1 конушунун Арчагүл көчөсүнүн №1-дарегинеде жайгашкан өзүнүн үйүндө болчу. Болжол менен саат 12:30 чамасында Э.Шыгаева №1056-шайлоо участогуна барган. Ал участок Бишкек шаарынын Ала-Тоо-1 конушунун №82-орто мектебинде жайгашкан. Барып, шайлоого катышып, добуш берип, артынан чыгып, ошол эле мектептин алдында жайгашкан отургучка эс алып отурган учурда, шайлоого келген башка адамдар да чыгышып, анын кошуналары болгондуктан, алар менен учурашып, суйлошуп отуруп калдым деп билдирген. Ал мектепте 2-шайлоо участогу болгондуктан, кошуналар келишип, кайсы участокко кирерин билишбей, тизмелерден өзүн таппай жаткандыктан, Э.Шыгаева дагы алардын жанына барып, чогуу издешип жаткан. Ошол учурда, белгисиз 20-25-жаштагы бала келип, “эже жанатан бери канча адамды киргиздиниз” деп айткан. Ал болсо “корсотуп койгонго акым жокбу” деп сураса, киреберище турган милиция кызматкерлерине эжени текшергиле деп айта баштаган. Милиция кызматкерлери Э.Шыгаеванын паспортун сурашып, текшерип, “эже бул жерге туруугa болбойт” деп, узатып жиберишти. Андан кийин Э.Шыгаева үйүнө кетип калган.
Шайлоо мыйзамы боюнча добуш берүү күнү жана ага чейинки күнү, ички иштер органдарына түшкөн маалыматтар боюнча материалдар токтоосуз каралат. Ал эми кароонун жыйнтыгы боюнча чечим күтүүсүз кабыл алынат.
Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 153-беренесинин 3-бөлүмүндө көрсөтүлгөндой, кылмыш ишин козгоо же аны козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим, сотко чейинки өндүрүштүн башталышына карата себеп катталган учурдан тартып токтоосуз кабыл алынууга тийиш. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 153-беренесинин 5-бөлүмүндө көрсөтүлгөндой, эгерде алынган арызда, билдирүүдө укук бузуу жөнүндө маалымат болсо, тергөөчү, прокурор кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгаргандан кийин материалдардын көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Укук

бузуулар жөнүндө кодексинде белгиленген тартипте же дисциплинардык тартипте кароого жиберүүгө милдеттүү.
Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 61-беренесинде көрсөтүлгөндөй, жеке жана юридикалык жактардын шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган маалыматтарды же материалдарды белгиленген мөөнөттөрдө шайлоо комиссиясына бербөөсү, ошого тете шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган шайлоо комиссиясынын чечимдерин жана талаптарын аткарбоо болуп эсептелинет.
Ал эми, Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-беренесинин 1-бөлүмү 2-пунктунда көрсөтүлгөндой, жосунда кылмыш курамы болбогондо, кылмыш иши козголушу мүнкүн эмес, ал эми козголгон иш кыскартылууга жатат.
Аталган факт боюча текшерүү жүргүзгөн учурда кандайдыр бир кылмыштын курамы бар экендиги аныкталбагандыктан, кылмыш ишин козгоодон баш тартып, материалдын көчүрмөлөрүн Бишкек шаарынын аймактык шайлоо комиссиясына жиберүү туура деп эсептеймин.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 27, 153, 154 бер. жетекчиликке алып/ на основании вышеизложенного и руководствуясь ст. ст. 27, 153, 154 УПК Кыргызской Республики,

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. №02-001-2024-032669 сандуу текшерүү иши боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын;
2. №02-001-2024-032669 сандуу текшерүү ишинин көчүрмөлөрү Бишкек шаарынын аймактык шайлоо комиссиясына жиберилсин;
3. Токтомдун көчүрмөсү Бишкек шаарынын Ленин райондук Прокуратурасына жиберилсин;
4. Токтом менен кызыккан тараптар тааныштырылсын;

Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин Тергөө кызматынын улук тергөөчүсү милициянын улук лейтенанты

Базарбаев Нурсултан Асылбекович